**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
НУРЖАНОВ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫ
НУРЖАНОВ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
НУРЖАНОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
НУРЖАНОВСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

# Т О К Т О М
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2022ж 22апрель №26 **Жон-Арык айылы**

**Жарандардын арызы жөнүндө**

Нуржанов айылдык кеңешинин 8-чакырылышынын кезексиз 11-сессиясы 2022-жылдын жарандардын арызы жөнүндө

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жон-Арык айылынын тургуну Д.Турдумбетованын жазган арызынын негизинде жер комитетинин, айыл өкмөтүнүн жер адиси жана “Кадастр” мекемесинин өкүлүнөн турган комиссия түзүлүп, Нуржанов айыл өкмотүнүн Чыгыш участкасындагы №200 контуру жер күбөлүктөрүнүн негизинде такталып, ашык жер участкалары табылса ушул контурдагы жери жетпеген жарандарга жер үлүшү толукталып берилсин.
2. Нуржанов айыл өкмотүнүн тургуну Г.Кушубакованын жазган арызынын негизинде Нуржанов айыл өкмотүнүн жер адиси менен биргеликте жеринен тактап, мыйзам чегинде жашылдандырууга ижарага берилсин.
3. №2 бригаддын тургуну Ү.Байталиевдин жазган арызынын негизинде депутаттык комиссиясы жана жер адиси жеринен тактап корутундунун негизинде №2 бригаддын туруктуу жашоочуларына алынган жер тилкеси ижарага берилсин.
4. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысына тапшырылсын.

**Төрайым** **Г.Нусубалиева**